**"БЕКИТЕМИН"**
Кочкор районунун О. Айбашов атындагы орто
мектебинин директору Данияр Кубандык уулу
_____________ "12" 09. 2023 ж.

**Илимий изилдөөлөрдү, илимий техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий – техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**
**АКТЫСЫ**

**1.** Ишке ашыруучунун автору: **Сатыбекова Майрамкүл Абдыкуловна.**
**2.** Илимий изилдөөлөрдүн, илимий техникалык иштердин, (же) илимий жана (же) илимий – техникалык иштердин аталышы: **Негизги мектепте биологиялык билим берүүнү модернизациялоонун теориясы жана практикасы.**

**3. Илимий иштин кыскача аннотациясы:** Аталган илимий иште негизги мектепте биологиялык билим берүүнүн илимий - теориялык негиздерин тактоо жана практикадагы абалын аныктоо, жетишилген ийгиликтер жана кемчиликтердин мүнөзүн ачуу менен биологиялык билим берүүнү модернизациялоо зарылчылыгын жана себептерин ачып көрсөтүү милдети коюлган. Ошого ылайык, негизги мектепте биологиянын түзүлүшүнүн, мазмунунун биологиянын предметтик стандартынын негизинде логикалык ырааттуулукта жаңыланышынын илимий деңгээлин жана прикладдык жактан ишке ашыруу жолдору иштелип чыккан. Окуучулардын предметтик компетенттүү ишмердүүлүктөрүн, окуучулардын билим алуу мотивациясын калыптандырууга арналган эксперимент уюштурулуп, анын натыйжалуулугу тастыкталган.

Изденүүчү башка авторлор менен биргеликте "Биология" предметинин үчүнчү муундагы стандартын (2022 - ж.), окуу программасын (2023 - ж.) жана 7-класс "Биология" "Жаныбарлар", 8-класс "Биология" "Адам жана анын ден соолугу" курстары боюнча окуу китептерин, бул курстар боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор жана окуучулар үчүн иш дептерлери кыргыз жана орус тилинде билим берген орто мектептер үчүн жазылып, илимий, педагогикалык, антидискриминация жана гендерлик комиссияларынын экспертизаларынан өткөрүлүп, республиканын жалпы орто билим берүү мектептеринин биология мугалимдери тарабынан талкууланып, жактырылды жана практикада колдонулууда. Азыркы жаңы түзүлгөн предметтин структурасы окуу процессин жакшыртууга шарт түзөт. Себеби жаратылыш өзү бүтүн нерсе болуп, андагы процесстердин мыйзам ченемдүүлүгү да ошол бүтүндүктү камсыз кылып жаткандыктан, окуу предметинин мазмуну, аны окутууга болгон системдүүлүк мамиле, объективдүү закон ченемдүүлүккө туура келет. Мындай шартта окутуу методдору жана ыкмалары табигый

байланыштарды ачууга жана ага негизделген билимди концентрациялоого багытталат. Улам кийинки бериле турган илимий информация мурунку берилген түшүнүккө негизделип жана аны тереңдетип, кеңейтип жаңы фактылар менен толуктайт. Натыйжада билим улам жаңы баскычка көтөрүлүп, жаңы илимий биологиялык категорияны түшүнүүгө алып келет. Себеби системдүүлүк мамиледе алардын (категориялардын) ортосундагы байланыштарды, жекече, ички жана система аралык ассоциацияларды ачууга туура келет.

**4. Ишке ашыруунун эффектиси:**

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мектептик билим берүү стандартынын (22.07.2022) негизинде "Биологиянын" предметтик стандарты (КББА Окумуштуулар кеңеши 11.11.2022.) түзүлгөн.
- Жалпы билим берүүчү орто мектептеринин 6-11-класстарынын "Биология" боюнча окуу программасы (КББА Окумуштуулар кеңеши 31.06.23.) түзүлгөн.
- "Биология" 7-класс "Жаныбарлар", "Биология" 8-класс "Адам жана анын ден соолугу" курстары боюнча окуу китептери, мугалимдер үчүн колдонмолор, окуучулар үчүн иш дептерлери жана 6-11-класстар боюнча календардлык - тематикалык план иштелип чыгып мектеп практикасына киргизилди жана 2023-2024-окуу жылында жалпы республиканын мектептеринде ийгиликтүү колдонула баштады.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Кочкор районунун О. Айбашев атындагы орто мектеби 2021-2022, 2022-2023 окуу жылдары.

**6. Ишке ашыруунун формасы:** "Биология" 7-класс "Жаныбарлар" жана "Биология" 8 класс "Адам жана анын ден соолугу" окуу китептери, мугалимдер үчүн колдонмолор, окуучулар үчүн иш дептерлери апробациядан өткөрүлдү, мугалимдер менен онлайн семинарлар өтүп турду жана практикага киргизилди.

**Кочкор районунун О. Айбашов атындагы**
**орто мектебинин биология мугалими** **Жунушова Н.О.**

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**социалдык гуманитардык илимдер**
**институтунун директору, псих.и.к., доцент** **Камчыбек у. М.**

**12.09. 2023**

Камчыбек у. Мырзабектин кол тамгасын тастыктаймын

Бөлүм башчысы Исаймакова К.К.